# “Филология” Программасынын 2023-2024-окуу жылына карата жылдык отчету

1. **Окуу иштери:** Окуу графиги менен мугалимдерди тааныштыруу , 2023-2024 -окуу жылына карата даярдык, окуу пландарын жаңыртуу, окуу жүктөмүн бөлүштүрүү, расписание макулдашуу иштери октябрь айында жүрдү.

1.1. **Программанын профессорлук-окутуучу курамы:** “Филология” Программасында жалпы 1- жарым жылдыкта 1 Чунун профессору, штатта 3 илимдин кандидаты, айкалыштырып иштеген 2 илимдин кандидаты жана 3 окутуучу эмгектенсе, 2 - жарым жылдыкта штатта 1 ЧУнун профессору, штатта 4 илимдин кандидаты, айкалыштырып иштеген 3 илимдин кандидаты, 3 ага окутуучу жана 3 окутуучу эмгектенип, Программанын курамы жакшырган.

1.2. **Отурумдар:** Жыл бою жалпы Программанын отуруму 9 жолу, ал эми окуу-методикалык комиссиянын отуруму 5 жолу өткөн.

1.3. **Окуу процессин уюштуруу:** жыл бою окуу процесси үзгүлтүксүз жүрдү. Форматы оффлайн, онлайн болуп гибриддик форматта өттү. Индивидуалдык окуу планы менен 2- жарым жылдыкта орус тили жана адабияты багытынын 3- курсунун, Ф-1 22 тайпасынын студенти Жумабай кызы Айзада жашаган жеринин алыстыгына байланыштуу, чет тили багытынын 3- курсунун ФА -1- 22 тайпасынын студенти Сагынбек кызы Айзада ден соолугунун начарлашына байланыштуу жана кыргыз тили жана адабияты багытынын 3- курсунун Ф-2 -22 студенти Осмоналиев Уланбек окушуту.

1.4. **Программанын ресурстук камсыздыгы:** “Филология” Программасына 3 кабинет бөлүнгөн: 107, 216, 217. Бул кабинеттер толугу менен жасалгаланган жана 216-кабинетке окуу жай тарабынын электрондук такта тагылганы турат.

1.5. **Сааттардын аткарылышы**:

Кыргыз тили жана адабияты багыты:

Жалпы : 240 кредит;

Практика: 28 кредит;

Мамлекеттик аттестациялар: 14 кредит.

Орус тили жана адабияты багыты:

Жалпы: 240 кредит;

Практика: 24 кредит;

Мамлекеттик аттстациялар: 10 кредит.

Чет тили багыты:

Жалпы: 240 кредит;

Практика: 28 кредит.

Мамлекеттик аттстациялар: 10 кредит.

**2. Окуу-методикалык иштер:**

2.1. **Профессорлук-окутуучу курамдын квалификациясын жогорулатуучу курстарды** уюштуруу жыл бою окуу жай тарабынан колго алынып, 2 жолу бекер курстар уюштурулду: " Сапаттуу билим" аккредитациялоо агенттиги тарабынан уюштурулган курстарга Программанын штаттагы окутуучулары катышты. Январь айындагы сапат бөлүмү тарабынан "Окуу жайдагы сапаттуу окуттуу" боюнча 1 жумалык семинарга Программанын окутуучулары катыша алышты. Жылдык план түзүлгөн жана окутуучулар график менен окуулардан өтүштү.

2.2. **Окуу-методикалык иштердин жылдык планын иштеп чыгуу жана бекитүү:** Программанын окуу-методикалык иштердин жылдык планын иштелип чыгып, ага окутуучу Субанбекова Айгүл Мидиновна жетекчи болуп дайындалды. Жалпы жыл ичинде 5 жолу отурум өткөрүлдү.

2.3. **Иш берүүчүлөр менен окуу пландарын карап чыгуу максатында тегерек стол өткөрүү:** окуу жылынын ичинде Программанын окуу пландарын карап чыгуу максатында 1- жарым жылдыкта бир жолу ноябрда жана 2- жарым жылдыкта бир жолу февралда тегерек стол өткөрүлдү.

2.4. **Окуу программаларынын өзүн-өзү баалоо боюнча отчетун жазуу жана Аккредитациялык агенттикке берүү.** Программа окуу жылынын ичинде аккредитацияга даярданып, май айында отчетун тапшырып, аккредитациядан өттү. Негизги жетишкендик: НББП иштелип чыкты жана тиркемелери толугу менен жасалып бүттү , алсак, МАК Программасы, Практиканын Программасы, курстук иш, дипломдук иш жазуу боюнча, өз алдынча ишти аткаруу боюнча методология иштелип чыккан.

3. **Илимий-изилдөө иштери:**

**3.1. Илимий-изилдөө иштеринин планын бекитүү:** илимий иштердин планы октябрь айынын аягында бекитилип, жыл бою план менен иш алып бардык. Алсак, Программанын доценти Мурасартов Бурхан " Кыргыз тилиндеги сүйлөшүү кебинин синтаксистик өзгөчөлүгү" деген темадагы докторлук ишинин үстүндө иштеп, 6 макала жазган жана 4 макаласы журналдарга жарык көргөн. Доценттин м.а. Таштемирова Р. "Хрестоматия" даярдап, Программанын отурумунан өтүп, окумуштуулар кеңешине

берилген. Жана Түрк элдеринин эл аралык симпозиумуна катышып, "Сулайман Кайыповдун мекенчилдиги, же жок жерден жомок жаралбайт" деген докладын окуган. 2023- жылдын 5- октябрында "Котормо жана котормонун келечеги" деген темадагы эл аралык симпозиумга катышып, "Түркчө чыгармаларды кыргызчага которуу маселелери" темасындагы кызыктуу докладын окуган. Ага окутуучу Субанбекова Айгүл кандидаттык диссертациясын жактоо алдында турат. Доцент Исмаилова Айкүмүш докторлук ишинин үстүндө иштеп, эки эл аралык конференцияга макаласын берип, дипломдорго ээ болгон. Доценттин м.а. Раимбекова Э.Р. кыргыз тили боюнча уюшулган конференцияда "Кыргыз тилин санариптештирип окутуу" деген темада доклад жасап, сертификатка ээ болду. Программанын менеджери Кеңешбай кызы Альбина "Социалдык коомдо мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын адаптацияланышы" деген темада магистрлик ишин коргоо алдында турат. Доцент Токтоналиева К.К. "Окутуунун интерактивдүү усулдары" деген темада кызыктуу доклады менен Программанын отурумунда катышты.

3.2. **Курстук иштердин темаларын бекитүү:** Программанын 3 - курстары үчүн курстук иштердин темалары иштелип чыгып, 2024- жылдын 15-февралында өткөн № 6 отурумунда бекитилди. Жалпы 31 тема берилди.

3.3. **Дипломдук иштердин темаларын бекитүү:** Программанын 4 - курстары үчүн курстук иштердин темалары иштелип чыгып, 2024- жылдын 15-февралында өткөн № 6 отурумунда бекитилди. Жалпы 17 тема бекитилди.

3.4. **Студенттерди илимий конференцияга даярдоо:** 2024- жылдын март айында студенттер менен "Слово. Словестность. Словарь." деген темада К.К.Юдахинге арналган тегерек стол болуп өттү. Бул тегерек стол студенттик конференцияга даярдык болду. Апрель айында ЖОЖдор арасындагы "Инновации и перспективы развития в современном образовании: вызовы и возможности" аттуу студенттик конференция болуп, Программадан 6 студент катышып, дипломдор жана ыраазычылык кат менен сыйланышты.

3.5. **Журналдарга макала жазуу:**

**Мурасартов Б.:**

1. Мурасатов Б.А. Кыргыз тилинде бир уңгулуу сөздөрдүн семантика стилистикалык функциясы. [Текст] /Б.А.Мурасатов// "Ала-Тоо" Эл аралык университетинин Alatoo Akademic Studes илимий журналынын Бишкек. 2024-жылынын №1саны (222-228-бб.
2. Мурасатов Б.А., Кубанычбек кызы Гулкайыр. Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдүн синтаксистик конструкциясы. [Текст] /Б.А.Мурасатов// И.Арабаев ат.

КМУнун “Окутуунун инновациялык технологиялары” журналы. Бишкек., 2024-ж май. №22., 80-88-бб/

3. Мурасатов Б.А., Кубанычбек кызы Гулкайыр. Тил илиминде кошмо сүйлөмдүн изилдениши. [Текст] /Б.А.Мурасатов// И.Арабаев ат. КМУнун “Окутуунун инновациялык технологиялары” журналы. Бишкек., 2024-ж май. №22., 88-96-бб.

4.Мурасатов Б.А., Турдукожоев А.Ч. Тил илиминде аралаш татаал сүйлөмдүн изилдениши. [Текст] / Б.А.Мурасатов// “Наука, новые технологии и инновации кыргызстана” журналы. Чыгарылышы -4 Бишкек ш., 2024-ж май айы. с.179-184.

5.Мурасатов Б.А., Турдукожоев А.Ч. Сүйлөмдү изилдөөнүн семантикалык аспектиси. [Текст] / Б.А.Мурасатов// И.Абдраимов ат.Кыргыз авиациялык институтунун “Авиатор”. Чыгарылышы -2. Бишкек ш., 2024 июнь, 184-190-б.

**Исмаилова А.: Жусуп Баласагын жана заманбап педагогика» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция**:

«Детская литература в формировании духовности и менталитета»

«Роль русского языка как посредника в связях с другими народами в культуре, образовании, экономике и технологии»

**Кыдыкбаева У.:** КМУнун журналына 2024-ж. 6-июнь, « **Жусуп Баласагын жана заманбап педагогика» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция**:

«Роль русского языка как посредника в связях с другими народами в культуре, образовании, экономике и технологии» соавтор Исмаилова А.

«Мамбеткалиевдин тилдерди үйрөтүү ыкмасы”

**3.6. Усулдук колдонмолорду чыгаруу:** Программанын доцентинин м.а. Таштемирова Рахат “Кыргыз адабияты боюнча хрестоматиясын” басмага даярдоодо.

4. **Тарбиялык иштер:**

4.1. **Тарбиялык иштердин планын иштеп чыгуу жана бекитүү:** 2023- жылдын октябрь айында тарбиялык иштерлдин планы иштелип чыгып, бекитилди.

4.2. Ноябрь айынын 17синде “Студенттердин Эл аралык күнүн” БКЧУнун студенттери менен бирге концерттик программа жана баалуу белектер берилип, белгиленди.

4.3. Ч.Айтматовдун 95 жылдыгына карата “Айтматов ааламы” Ч.Т.Айтматовдун 95 жылдыгына карата иш-чара Программанын студенттери арасында өткөрүлүп, 3 тилде дил баян жазылды.

4.4. 2024- жылдын февраль айынын 21де Эл аралык Эне тил күнү Чүй университетинде белгиленип, БКЧУнун студенттери менен иш-чара өткөрүлдү.

4.5. 2024- жылдын 19-мартында Нооруз майрамын БКЧУнун студенттери менен шандуу белгиленип, студенттерге майрамдык тамак берилди.

“Филология” Программасынын жетекчиси: Раимбекова Э.Р.